**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Салыбек Кыдыралиевдин өтүнүчүн
өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013 жылдын 4-августу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Э.Ж. Осконбаев, катчы М.Ж. Азаровынын катышуусунда, жаран С. Кыдыралиевдин доо арызын карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран С. Кыдыралиев 2013–жылдын 24-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палатасы) мурдагы чыккан сот чечимдерин Конституцияга жана башка мыйзамдарга туура келбейт деп жокко чыгарып берүүнү доо арыз менен кайрылган.

Доо арызда жана ага тиркелген материалдарда көрсөтүлгөндөй С. Кыдыралиевге 1996 жылдын 16-мартында Турак жай кодексинин 9-беренесине ылайык Токмок бажысы тарабынан чексиз мөөнөткө квартира

берилген. 2006 жылдын 13- июнунда Чүй райондук соттун чечими менен Кыдыралиев жана Токмок быжысы ортосундагы турак жайды жалдоо келишими жокко чыгарылган. 2007 жылы Чүй райондук соту тарабынан берген аткаруу барагынын негизинде квартира Токмок бажысына кайрадан кайтарылган. Чүй райондук соттун чечимин Чүй областык соту апелляция иретинде карап чыгып жаңы чечим кабыл алган. Бул чечимди 2007 жылдын 21-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку соту өз күчүндө калтырган.

С. Кыдыралиев жогоруда аталган соттордун чечимдерин Конституцияга ылайык эмес деп жокко чыгарып Конституясынын 20 беренесинин 5 бөлүгүнүн 7 пунктуна таянып талаш кваргираны кайра кайтарып берүүнү суранат.

Судьялар коллегиясы арызды жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, арыз боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Конституциялык палата конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97 беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн төмөнкү иштерди карайт: 1) мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда, аларды конституцияга ылайык эмес деп табуу жөнүндө; 2) Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду берүү тууралуу; 3) Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берүү жөнүндө. Ал эми соттун чечими укук колдонуу актыларына кирет, ошондуктан жаран С. Кыдыралиевдин доо арызында коюлган талап Конституциялык палатанын

кароосуна кирбейт жана конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында каралышы мүмкүн эмес.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1. Жаран С. Кыдыралиевдин доо арызы өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Арыз жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктамага Конституциялык палатага даттанууга болот.

**Судьялар коллегиясы:** **Ч.А. Айдарбекова**

**М.Р. Бобукеева**

**Э.Ж. Осконбаев**